«БЕКИТЕМИН»
«Бишкек шаарындагы SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин» мүдүрү

____________Теңизбаева С.Б..

«___» ___________ 2024-ж.

SOS ДЕТСКИЕ ДЕРЕВНИ

# Жүрүм-турум Кодекси боюнча жобо[1]

## 2023-жылдын март айында Башкаруу Кеңеши тарабынан бекитилген

| Жалпы маалымат | |
|---|---|
| Бекиткен орган | Башкаруу Кеңеши<br>Аткаруу Кеңеши |
| Бекитилген күн | 2023 ж. 29 марты |
| Версия | 1 |
| Бул документти аткарууга милдеттендирилгендер | 1. «SOS Балдар Айылдары» федерациясынын бардык ассоциация мүчөлөрү (кадимки мүчөлөр), анын ичинде алардын бардык бөлүмдөрү; жетекчи органдарынын мүчөлөрү; кызматкерлери жана алар менен ар кандай мүнөздө иштешкен башка тараптар<br>2. SOS Children's Villages International федерациясы, анын филиалдары; жетекчи органдарынын мүчөлөрү; кызматкерлери жана аталган федерация үчүн же анын атынан иштеген башка тараптар<br>3. Бул документ көрсөтүлгөн күндөн тартып ишке кирет Документтин юридикалык күчү жергиликтүү мыйзамдарга ылайык улуттук деңгээлде камсыздалууга тийиш. |
| Негиз болгон документ | “Адамдар жана маданият” саясаты (толукталууда) |
| Ушул жобо алмаштыруучу документ | Азыркы учурда күчкө ээ Жүрүм-Турум Кодекси |
| Жобого байланышкан документтер | Workspace платформасына шилтеме:<br>soscv.sharepoint.com |
| Пландалган кийинки карап чыгуу | 2026 |

[1] Жобо – регламент, эрежелер жыйындысы

# Ченемдик документтер тутуму

| | |
|---|---|
| Документ тиешелүү бөлүм | HROD - адам ресурстарын жана уюмду өнүктүрүү бөлүмү |

| Өзгөрүү таржымалы | Бөлүм | Өзгөртүлгөн версиясы | Комментарий |
|---|---|---|---|

2021-жылдын июнь айында Башкы Ассамблея тарабынан бекитилген “SOS Балдар айылдары” эл аралык уюмунун ченемдик документтер тутуму милдеттүү (негиздөөчү документтер, программалык документтер, жоболор), ошондой эле милдеттүү эмес документтерден (практикалык көрсөтмөлөр) турат.

| НЕГИЗДӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕР | ПРОГРАММАЛЫК ДОКУМЕНТТЕР | ЖОБОЛОР | ПРАКТИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР |
|---|---|---|---|
| Ишибиздин өзөгүн түзгөн Федерациянын негизги милдеттүү документтери | Жогорку деңгээлдеги милдеттенмелерди камтыган милдеттүү документтер | **Программалык же негиздөөчү документтердеги милдеттенмелерди аткаруу боюнча деталдуу көрсөтмөлөрдү камтыган милдеттүү документтер** | Кызматкерлерге программалык, негиздөөчү документтерди жана жоболорду ишке ашырууга жардам берген милдеттүү эмес жетекчилик материалдар |
| Генералдык Ассамблея тарабынан бекитилген | Генералдык Ассамблея тарабынан бекитилген | **Башкаруу кеңеши жана Аткаруу кеңеши тарабынан бекитилет** | Аткаруу кеңеши тарабынан бекитилет |

# Мазмуну

**Биздин максатыбыз** ... 4
Жүрүм-турум Кодексин колдонуу чөйрөсү ... 4
Жүрүм-турум Кодекси – “Биздин баалуулуктарды ишке ашыруу” документи менен иштөө ... 4
Жүрүм-турум Кодексинин форматы ... 5
Жүрүм-турум Кодексин колдонуу ... 6
Уюмдун милдеттенмелери ... 6
**Жүрүм-турум Кодекси** ... 7
Негизги жоболор ... 7
Тиешелүү жүрүм-турум нормалары ... 8
**Жүрүм-турум Кодексин сактоо** ... 13

## Биздин максатыбыз

“SOS Балдар айылдары” уюму балдарды, жаштарды жана жамааттарды коргоону көздөгөн, алардын бакубаттуулугун камсыздоого умтулган көптөгөн өлкөлөрдө иш алып барган Федерация катары, уюмдагы жана уюм менен ар кандай деңгээлде иштешкен тараптарды колдоого жана коргоого милдеттүү. Демөөрчүлөр жана донорлор бизге каражаттарын жана ресурстарын ишеним менен тапшырып жаткандыгын жана биз бул ишенимди акташыбыз керектигин жакшы түшүнөбүз.

Жүрүм-турум Кодекси бардык тараптардан талап кылынган жүрүм-турумга карата жалпы күтүүлөрдү аныктоо үчүн зарыл. Биздин максат – ар бир адам өз ролунда өз дараметин толук ишке ашырууга мүмкүнчүлүккө ээ болгон, биздин каражаттар туура жана сарамжалдуу пайдаланылган, ошондой эле биздин камкордугубуздагы балдардын жана жаштардын кызыкчылыктары сакталган коопсуз чөйрөнү түзүү. Мындан сырткары, Жүрүм-турум Кодекси биздин программалардын жана биз иштеп жаткан жамааттардын мүчөлөрүнүн коопсуздугун жана кадыр-баркын коргоого багытталган.

## Жүрүм-турум Кодексин колдонуу чөйрөсү

Жүрүм-турум Кодекси “SOS Балдар Айылдары” уюмунда же уюм менен бардык дэңгээлде иштешкен ар бир кызматкерге жана тараптарга жайылтылат. Бул документтеги эрежелер башкаруу органдарынын мүчөлөрү (анын ичинде президент, вице-президент жана улуттук мүдүрлөр), маяна алган кызматкерлер, ыктыярчылар жана ардактуу кызматкерлер, кеңешчилер, стажерлор, өнөктөштөр, анын ичинде донорлор, зыяратчылар, өнүм менен камсыз кылган же кызмат көрсөткөн тараптар тарабынан сакталышы керек.

Биз уюмдун кызматкерлеринин жана уюм менен иш алып барган тараптардын жумуштагы жана жеке жашоосундагы жүрүм-туруму Федерацияга таасир тийгизээрин жакшы түшүнөбүз.

## Жүрүм-турум Кодекси – “Биздин баалуулуктарды ишке ашыруу” документи менен иштөө

Жаңыртылган Жүрүм-турум Кодекси Федерациянын баалуулуктарын, баалуулуктарга негизделген негизги компетенцияларды[2] жана баалуулуктарга негизделген лидерлик компетенцияларды камтыган **баалуулуктарга негизделген компетенттүүлүк алкагынын негизинде** кайра каралып чыккан.

**Баалуулуктарга негизделген жүрүм-турум** эрежелерин илгерилетүү биздин 2030-жылга чейин балдарды зомбулуктан коргоо боюнча Стратегиябыздын өзөгү болуп саналат. **Милдеттенме, Ишеним, Кайраттуулук жана Жоопкерчилик** сыяктуу негизги принциптер Федерациянын иштиктүүлүгүнүн маңызын жана биз кандай уюм болууга умтулаарыбызды аныктайт.

Биздин **төрт баалуулуктар** “SOS Балдар Айылдары” уюумунда иштеген же уюм менен кызматташкан бардык тараптар үчүн **тогуз компетенцияны** камтыган ***компетенциялар алкагында***[3] иштелип чыккан.

---

[2]Компетенттүүлүк –бул билимдердин, көндүмдөрдүн, мамилелердин, баалуулуктардын динамикалык айкалышы.

[3] “Биздин баалуулуктарды ишке ашыруу” баалуулуктарга негизделген компетенттүүлүк алкагы менен таанышып чыгыңыз: Welcome to the Values-Based Competencies Collaboration Workspace (sharepoint.com)







Негизги компетенциялар:*Боорукердик*, *Үзгүлтүксүз Өнүгүү*, *Инклюзивдүүлүк*, *Демилгелүүлүк*, *Натыйжаларга багыт алуу.*

Жетекчилик кызматтарда иштегендер үчүн кошумча төрт өзгөчө компетенциялар: *Үлгү болуу*, *Кызматташуу, Шыктандыруу (мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү)* жана *Стратегиялык ой жүгүртүү*.

Компетенцияларды иш-аракеттер жана жүрүм-турум аркылуу көрсөтүү мүмкүн болсо да, алар табиятынан жалпыланып, жеке сапаттарга, көндүмдөргө жана мамилелерге негизделет. Компетенциялар уюмдун баалуулуктары менен байланышкандай эле, Жүрүм-турум Кодекси жүрүм-турум үлгүлөрүн Федерациянын баалуулуктарына байланышат.

Жүрүм-турум Кодекси жүрүм-турум стандарттарын белгилөө менен туура эмес иш-аракеттерди, жүрүм-турумду аныктоого, келечекте алардын алдын алууга жардам берет жана жабыр тарткандарга колдоо көрсөтүү үчүн чараларды көрүүнү талап кылат.

Бул үчүн уюмда иштеген же уюмдан кызмат алган тараптар болуп жаткан окуяларды эркин айтып, өз жоопкерчилигин мойнуна ала тургандай же Федерацияда иштеген башка адамдарды жоопкерчиликке тарта тургандай чөйрөнү түзүү зарыл.

**Жүрүм-турум Кодекси менен башка программалык документтер, жоболор жана практикалык документтер ортосундагы байланыш**

Жүрүм-турум Кодекси биздин баалуулуктарыбызга (жана компетенция алкагына) негизделген күтүүлөрдү аныктаганы менен, ал өз алдынча документ эмес. Ал төмөнкү маанилүү жоболор, программалык жана жетекчилик документтер менен тыгыз байланышкан:

- Биз кимбиз – “SOS Балдар айылдары” уюмунун миссиясы
- SOS Care Promise - Балдарды тарбиялоону камсыз кылуу боюнча “SOS Балдар Айылдары” уюмунун милдеттенмеси
- Балдарды коргоо саясаты
- Балдарды коргоо жаатындагы маалымдоо жана жооп кайтаруу жол-жоболору
- Сексуалдык асылуу боюнча жобо
- Гендердик теңчилик саясаты
- Алдамчылыкка жана коррупцияга каршы жетекчилик
- Башкаруу жана жоопкерчиликтин сапат стандарттары
- Мыйзам бузуу учурларын чечүү регламенти
- Мыйзам бузууларды иликтөө боюнча жобо
- Адам ресурстары боюнча колдонмо

## Жүрүм-турум Кодексинин форматы

Жүрүм-турум Кодекси биздин баалуулуктарга негизделген компетенция алкагыбызга негизделген. Талап кылынган жүрүм-турум биздин баалуулуктарыбыздын далили. Эгерде кандайдыр бир туура эмес жүрүм-турум жөнүндө шектенүүлөр болсо, кийинки кадамдарды аныктоо үчүн негизги принциптерге (Кодекстин 2-бөлүгүнүн башында баяндалган) кайрылуу керек.

## Жүрүм-турум Кодексин колдонуу

Жүрүм-турум Кодексин бузуу учурлары олуттуу түрдө каралат жана зарыл болгон учурда, “SOS Балдар Айылдары” уюмунун саясатына, жол-жоболоруна жана мыйзам алдындагы укуктук актыларга, ошондой эле тиешелүү эл аралык жана улуттук мыйзамдарга ылайык кырдаалды жөнгө салуу үчүн жанан жабыр тарткандардын жана жооптуу адамдардын муктаждыктарын канааттандыруу максатында тиешелүү чаралар көрүлөт. Ошондой эле, келечекте мындай окуялардын алдын алуу үчүн сабак алуу зарыл. Бул себептен коопсуздукту камсыздоого байланышкан учурларды иликтөө – Жүрүм-турум Кодексин ишке ашыруунун бир бөлүгү болуп саналат.

Жүрүм-турум Кодекси үч-беш жылда бир жолу каралып, анын натыйжалуулугун жана иш жүзүндө колдонулушун баалоого мүмкүндүк берет.

## Уюмдун милдеттенмелери

Ар бир адам Жүрүм-турум Кодексин сактоого милдеттүү болсо да, Федерация катары биз өз кызматкерлерибизге ушул Кодексти так сактоого жардам колдоо көрсөтүүгө жана маалымат берүүгө милдеттүүбүз.

Бул жаатта биз Жүрүм-турум Кодекси боюнча тренингдерди жана маалымдоо сессияларын өткөрөбүз; Федерацияда иштегендердин баарына, ошондой эле балдарга, жаштарга, үй-бүлөлөргө, жамааттарга жана өнөктөштөргө Жүрүм-турум Кодексинин жоболорун билдирүүнүн ылайыктуу жолдорун тандайбыз; ошондой эле алардын тынчсыздануулары тууралуу кантип туура жана коопсуз маалымдоо керектиги жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзөбүз.

Мындай негизги чаралар төмөнкүлөрдү камтыйт:

- “SOS Балдар Айылдары” уюмунун кызматкерлеринин жана уюм менен иштешкендердин жүрүм-турум нормалары жана Жүрүм-турум Кодекси жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу, окутуу жана инструктаж берүү. Кээ бир кызматкерлер же кызмат орундары кошумча адистештирилген окутууну талап кылышы мүмкүн;

- Балдардын, жаштардын, үй-бүлөнүн, жамааттардын, өнөктөштөрдүн жана биздин камкордугубуздагы балдар жана жаштар менен иштешкен бардык тараптарга Жүрүм-турум Кодекси жөнүндө маалымат берүү. Кызыкдар тараптардын тиешелүү маалыматка ээ болуусу бизге ишибизди так жана туура аткарууга жардам берет.

- Кадр саясаты же каржы саясаты сыяктуу Жүрүм-турум Кодексин ишке ашырууга жардам берген ченемдерди жана жол-жоболорду үзгүлтүксүз чыңдоо жана өркүндөтүү;

- Жүрүм-турум Кодексинин мүмкүн болгон же факт жүзүндө бузулушу жөнүндө кандай жолдор аркылуу маалымдоону жана кайрылуу жасоо жолдорун бардык тараптарга жеткиликтүү түшүндүрүү. Бардык билдирүүлөр олуттуу кабыл алынат жана ар бир учурга биздин жол-жоболорго ылайык тиешелүү чаралар көрүлөт.Бул кызматкерлерге жана башка бардык тараптарга мүмкүн болгон же иш жүзүндө Жүрүм-турум Кодексинин бузулушу жөнүндө коопсуз, жана каалаха жашыруун түрдө билдирүүнүн эң ылайыктуу жолдорун камтыйт. Мындан сырткары, уюм кызматкерлерди жана Жүрүм-турум Кодексинин бузулушу жөнүндө кабарлаган башка тараптарды куугунтуктоодон коргойт. Мыйзам бузуу жөнүндө билдирүү негизсиз деп табылса дагы, "SOS Балдар Айылдары" уюму мыйзам бузуу жөнүндө ак ниеттүүлүк менен билдирген адамга эч кандай чара көрбөйт. Атайылап жалган жана зыяндуу билдирүүлөрдү жөнөтүү биздин Жүрүм-турум Кодексибизди бузуу болуп саналат;

- Жүрүм-турум Кодексинин аткарылышын көзөмөлдөө, анын ичинде жүрүм-турум эрежелерин сактоо боюнча милдеттенмеге кол коюлгандыгын текшерүү, Жүрүм-турум Кодексинде камтылган маалыматтар боюнча бардык тараптарды окутуу жана машыктыруу,

жүрүм-турум эрежелерин бузуу тенденцияларын жана аныкталган учурлар жөнүндө билдирүүлөрдү карап чыгуу.

## Жүрүм-турум Кодекси

Ушул Жүрүм-турум Кодексинде “SOS Балдар Айылдары” уюмунда иштеген же аны менен иш алып барган бардык тараптар кармануугa МИЛДЕТТҮҮ болгон жүрүм-турум ченемдери аныкталган.

### Негизги жоболор

Биздин Федерация ар кандай, кээде кыйынчылыктарга дуушар болгон татаал шарттарда иштейт. Ошондуктан, Жүрүм-турум Кодексинде чагылдырылган талап кылынган жүрүм-турум топтомуна биздин баалуулуктарыбыздан тышкары төмөнкү негизги принциптер кирет. Кандайдыр бир туура эмес иш-аракет боюнча шектенүүлөрдү текшерүү жана кийинки кадамдарды аныктоо үчүн төмөнкү негизги принциптерге кайрылыш керек:

- **ЗЫЯН КЕЛТИРБЕ** – “SOS Балдар Айылдары” уюмунун иш-аракеттери уюмда же уюмдун атынан же уюм менен иштеген адамдар менен байланышта болгон адамдардын, жамааттардын, кызматкерлердин жана ыктыярчылардын жашоосуна терс таасирин тийгизбеши керек.
- Бардык адамдарды жана алардын кадыр-баркын, **БАРДЫК УКУКТАРЫН** (анын ичинде адам укуктарын жана балдардын атайын укуктарын) жана биздин ишибизге тиешелүү эл аралык милдеттенмелерди илгерилетүүнү жана сактоону **СЫЙЛОО**[4].
- **ИНКЛЮЗИВДҮҮЛҮКТҮ** жайылтуу, адилеттүү иш чөйрөсүн түзүү үчүн **кемсинтүүнүн бардык түрлөрүн**, анын ичинде, жынысына жана/же гендердик өзгөчөлүккө, улутка, расага, динге же ишенимге, майыптуулукка, сексуалдык ориентацияга, кастага, улуттук жана/же социалдык текке негизделген атайылап жана атайылап эмес жасалган, ачык да, кыйыр түрдө болгон дискриминациянын **АЛДЫН АЛУУГА ЧАКЫРУУ**.
- Жашы, жынысы, гендердик өзгөчөлүгү, сексуалдык ориентациясы, майыптыгы, расасы, дини же адамды аялуу катмарга жайгаштырган башка өзгөчөлүктөргө негизделген ыйгарым укуктарды кыянаттык менен пайдаланууну, адилетсиз **БИЙЛИК ЖАНА БАШ ИЙДИРҮҮ** практикаларынын таасирин азайтуу**.**
- Инклюзивдик жана адилеттүү иш чөйрөсүн түзүү үчүн **ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИКТИ** колдоо, анын ичинде кызматкерди жумушка алууда, окутууда, өнүктүрүүдө жана кызмат тепкичи боюнча көтөрүүдө гендердик көз карандысыздыкка жана дискриминацияга каршы күрөшүү; кызматтарда гендердик сегрегацияга каршы күрөшүү;
- Биз иштеген коомчулуктардын өзгөчөлүктөрүн жана көз караштарын чагылдыруу үчүн жана ишибиздеги теңсиздиктин алдын алуу, инклюзивдик, басмырлоосуз мамилелерди камсыз кылуу үчүн **МАДАНИЙ АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРДЫ** жана **АР ТҮРДҮҮЛҮКТҮН** баалуулугун таануу;
- Бардык чөйрөлөрдө физикалык, сексуалдык, эмоционалдык жана оозеки **ЗОМБУЛУККА ЖОЛ БЕРБӨӨ**, балдар менен иштөөдө жана жумуш ордунда жүрүм-турум нормаларын бузуунун алдын алуу.
- Ишибиздин бардык жааттарында адам укуктары менен гуманитардык принциптер боюнча **ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТТАРДЫ** жана **МЫКТЫ ТАЖРЫЙБАЛАРДЫ** урматтоо жана

---

[4] Адамдын укуктарына Адам укуктарынын Жалпы декларациясы, 1979-жылдагы аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө БУУнун конвенциясы, сапаттын жана отчеттуулуктун негизги гуманитардык стандарты, сексуалдык эксплуатациядан жана зомбулуктан коргоо боюнча Ведомстволор аралык туруктуу комитеттин принциптери, өз кызматкерлери тарабынан сексуалдык эксплуатациядан жана зомбулуктан коргоо боюнча Ведомстволор аралык туруктуу комитеттин минималдуу стандарттары, 2019-жылдагы жумуш ордундагы зомбулукту жана куугунтуктоону жоюу боюнча Конвенция (№190 Конвенция), ошондой эле 1989-ж БУУнун Балдардын укуктары боюнча конвенциясы кирет.

илгерилетүү. Ар дайым эң жогорку стандарттарды колдонуу менен ички/улуттук жана эл аралык деңгээлдеги **БАРДЫК КҮЧКӨ ЭЭ МЫЙЗАМДАРГА** баш ийүү.

- **ЧЫНЧЫЛДЫК, ЭТИКА** жана **КЕСИПКӨЙЛҮКТҮН** эң жогорку стандарттарын камсыздоо.
- Ишмердүүлүгүбүздө айлана-чөйрөнү жана биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо жана бул принциптерди балдардын, жаштардын жана жамааттардын арасында жайылтуу. Бул биз өз ишибизде **ЭКОЛОГИЯЛЫК ТУРУКТУУЛУКТУ** камсыз кылууга жана экологиялык таза тажрыйбаларды жайылтууга умтулабыз дегенди билдирет.

**Жүрүм-турум Кодексин бузуу учурларын билдирүү**

Ушул Жүрүм-турум Кодексинин алкагында "SOS Балдар айылдары" уюмунда иштеген ар бир адамга жүрүм-турум нормаларынын кандайдыр бир божомолдонгон же айкын түрдө бузулуулары жөнүндө маалымдоо милдети жүктөлөт.

Бардык учурлар биздин Маалымдоо жана жооп кайтаруу саясатыбызга жана башка кадрдык нормаларга жана жол-жоболорго ылайык каралат. Далилдерди сөзсүз түрдө келтирүүнүн кереги жок, жөн гана Жүрүм-турум Кодекси бузулгандыгы тууралуу шектенүүнү билдирүү жетиштүү.

Тийиштүү кабарлоо каналдарын колдонуу менен, жүрүм-турум нормаларын бузуу жөнүндө жашыруун түрдө кабарлоого болот. Биз купуялуулукту сактоо каалоосун сыйлайбыз, бирок билдирүү жөнөтүүчүлөргө байланыш маалыматтарын калтырууну сунуштайбыз. Биз бардык маалыматтардын купуялуулугуна кепилдик беребиз. Сиздин маалыматыңыз зарыл болгон учурда окуянын чоо-жайын тактоого жана кылдат иликтөөгө жардам берет.

Тынчсыздануулардны билдирүүнүн көптөгөн жолдору Маалымдоо жана жооп кайтаруу саясатыбызда көрсөтүлгөн. Алар жергиликтүү шарттардын өзгөчөлүгүнө ылайыкташтырылышы мүмкүн. Ошентип, кооптонуулары бар адам ал жашаган/иштеген жердеги байланыш каналдарын колдонушу керек. Мындан тышкары, билдирүүлөрдү “SOS Балдар айылдары” уюмунун даттанууларды кароого жооптуу тобунун атайын электрондук почта дарегине жана ишеним телефон номуруна жөнөтсө болот: misconduct@sos-kd.org (билдирүүлөр эл аралык кеңсе тарабынан каралат), misconducteucm@sos-kd.org, misconduct-wcna@sos-kd.org (эл аралык кеңсенин өкүлдөрү карайт). Сиз ошондой эле ушул жана ушул жашыруун онлайн билдирүү системаларын колдоно аласыз.

## Тиешелүү жүрүм-турум нормалары

Жүрүм-турум Кодекси БАРДЫК ЖАГДАЙЛАРДА САКТАЛЫШЫ КЕРЕК.

1. **Мен “SOS Балдар Айылдары” уюмуна байланышкан иш-аракеттеримдин алкагында кесиптештерге, башка кызматкерлерге, балдарга, жаштарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнө жана өнөктөш уюмдардын өкүлдөрүнө, анын ичинде SOS Балдар Айылдарына ар кандай кызмат көрсөткөн уюмдардын кызматкерлерине дайыма урмат-сый менен мамиле кылууга, алардын кадыр-баркын жана купуялуулугун сактоого умтулам.**

Атап айтканда, мен төмөнкү жүрүм-турум нормаларын[5] сактоого милдеттенем:

- иш-аракеттерде, бир нерсени маалымдоодо жана ишараттарда башкаларга эмпатия көрсөтүү жана зомбулуксуз мамиле жасоого;
- кимдир-бирөөнү коркутууга же куугунтуктоого, анын ичинде сексуалдык асылууга жана оозеки зомбулукка жол бербөөгө;
- эч кандай шартта жашы жете элек балдар же программалардагы кызматкерлер/жардам алуучулар жана башкалар менен жыныстык катнашка барбоого;

[5] Жүрүм-турум нормалары бул тизмедеги эрежелер менен чектелбейт

- жабык жайга (мисалы, уктоочу бөлмөгө) уруксатсыз кирбөөгө жана өзү жуунуп-тазаланууну билген балага гигиеналык процедураларды аткарбоого.

2. **Мен жынысына, жаш-курагына, физикалык жана психикалык мүмкүнчүлүктөрүнө, ден соолугуна, тилине, улутуна, расасына, тери түсүнө, динине, кастасына, сексуалдык ориентациясына, гендердик өзгөчөлүгүнө, социалдык тегине, этникалык тиешелүүлүгүнө жана башка инсандык өзгөчөлүктөрүнө карабастан, ар бир адамдын негизги укуктарын урматтоого милдеттенем. Мен «SOS Балдар Айылы» уюмундагы жана жалпы коомчулуктагы ордум мага башкалардын өз ой-пикирин же карама-каршы пикирлерин билдирүү мүмкүнчүлүгүн чектей турган кандайдыр бир даражадагы ыйгарым укуктарды бериши мүмкүн экенин түшүнөм.**

Бул жаатта мен төмөнкү жана башка жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Мен ар дайым өзүмдүн бийлигим/ыйгарым укутарым жөнүндө кабардар болом жана бул бийликтин башкаларга таасирин чектөөгө жигердүү аракет кылам.
- Мен теңдикти, инклюзивдүүлүктү жана көп түрдүүлүктү илгерилетүү аркылуу башкаларга иш процесстерине, чечимдерди кабыл алууга катышууга мүмкүнчүлүк берем.
- Мен өзүмдө болгон бейкалыс көз караштарымды түшүнүүгө жана жоюуга аракет кылам.
- Мен "SOS Балдар айылдары" уюмунун программаларынын камкордугундагы/жардам алган коомчулуктун мүчөлөрү (анын ичинде бала кезинде уюм тарабынан жарадам алган чоңдор) менен эч качан мажбурланган сексуалдык мамилеге/никеге кирбейм.

3. **Мен башка кызматкерлерге, балдарга, жаштарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө, жергиликтүү тургундарга, өнөктөш уюмдардын өкүлдөрүнө, анын ичинде уюмга ар кандай кызматтарды көрсөткөн тараптарга карата фаворитизмге жана басмырлоого жол бербестен, чынчыл, адилеттүү жана сылык-сыпаа болууга милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү жана башка жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Демөөрчүлөр, кызмат көрсөтүүчүлөр, кесиптештер жана мен колдоо көрсөтүп жаткан балдар, жаштар жана жамааттар менен өз ара аракеттенүүдө ар дайым так кесиптик чектердин алкагында иштейм;

- Мен туугандарыма же тааныш-билиштериме байланышкан кандайдыр бир кызыкчылыктардын кагылышуусу же алар тууралуу менде болгон бир жактуу мамиле тууралуу ачык айтам жана алар менен байланышкан бардык чечимдерди кабыл алуу процесстеринен, анын ичинде жумушка алуу менен байланышкан бардык процесстерден четтейм.

- "SOS Балдар айылдары" уюмунда иштеп жаткан кызматкерлердин досторун же туугандарын калыс кызматкерлерди тандоо процессинин жүрүшүндө алар (достор, туугандар) эң мыкты талапкер экендиги аныкталган учурда гана ишке кабыл алам.

Мен жакын туугандардымды жумушка албоого милдеттенем.

4. **Мен "SOS Балдар айылдары" уюмунун камкордугундагы же уюм менен байланышта болгон балдардын жана жаштардын коопсуздугун камсыз кылууга жана аларга зыян келтирбөөгө, анын ичинде аларга ырайымсыз жана ар кандай туура эмес мамиле кылуунун алдын алуу боюнча бардык чаралардын көрүлүшүн камсыз кылууга милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү жана башка жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Балдарды тарбиялоо максатында уруп-согууну жана башка физикалык/эмоционалдык жазалоону колдонбоо,
- Мага ишеним менен тапшырылган балдар ар дайым компетенттүү чоңдордун көзөмөлүндө болушун камсыз кылуу,
- Бардык иш-аракеттерде балдардын кызыкчылыгын биринчи орунга коюу.

5. **Мен улуттук мыйзамдарды, жергиликтүү маданий өзгөчөлүктөрдү, салттарды, үрп-адаттарды жана жүрүм-турум эрежелерин сыйлап, ошондой эле БУУнун Адам укуктары боюнча конвенциясын жана адам укуктары боюнча башка документтерди, ошондой эле “SOS Балдар айылдары" уюмунун документтериндеги шарттарды жана уюмдун жол-жоболорун сактоого милдеттенем (башкаларга зыян келтирбеген шарттарда). Бул эрежелерди сактоо башкаларга зыян келтирген учурларда мен жетекчиме же адам ресурстары бөлүмүндөгү жоопту кызматкерге токтоосуз кабарлоого милдеттенем.**

   Бул жаатта мен төмөнкү жана башка жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

   - Өлкөдөгү адамдын бойго жеткен курагы кайсы жаш болбосун, мен 18 жашка чыга электерге балага катары мамиле жасайм;
   - Жүрүм-турум Кодексине ылайык жүрүм-турум нормаларын бузуулар жөнүндө кабарлоодон тышкары, улуттук мыйзамдар талап кылганда, зордук-зомбулук мамилеге байланыштуу кылмыш иштери боюнча тиешелүү органдарга кабарлайм.

6. **Мен "SOS Балдар айылдары" уюмунун кадыр-баркынын маанилүүлүгүн билем. Бирок адамды зомбулуктан коргоо ар дайым артыкчылыктуу экенин жана мындай учурлар Федерациянын аброюна доо кетирсе да, кыянаттык жөнүндө билдирүү керек экендигин жакшы түшүнөм.**

   Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Кандай гана жагдай болбосун, Жүрүм-турум Кодексин бузуу коркунучу пайда болгондо, тынчсыздануулары тийиштүү каналдар аркылуу, зарыл болгон учурда улуттук органдар аркылуу дароо билдирүүгө даярмын;
- Өзгөчө кырдаал түзүлгөндө Жүрүм-турум Кодексинин негизги принциптерине ылайык башкалардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн бардык зарыл чараларды көрөм;
- Түздөн-түз жана кыйыр түрдөгү басмырлоонун бардык түрлөрүнө, анын ичинде гендердик теңсиздикке, куугунтуктоого жана зордук-зомбулукка (физикалык, сексуалдык же оозеки), коркутуп-үркүтүү, эксплуатациялоо жана адамдардын укуктарын бузган башка аракеттерге каршы туруу, ошондой эле Жүрүм-турум Кодексине ылайык мындай эреже бузуулар жөнүндө кабарлоо.

**7. Мен “SOS Балдар айылдары” уюмунун өкүлү экенимди жакшы түшүнөм. Жүрүм-турумум жана менин өнөктөштөр, балдар, жаштар, үй-бүлөлөр жана башка тараптар менен болгон мамилелерим уюмдун баалуулуктарын чагылдырышы керектигин түшүнөм. Мен өзүмдү "SOS Балдар айылдары" уюмунун аброюна жана ак ниеттүүлүгүнө эч ким шек келтире албагандай кылып алып жүрүүгө милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Мен ар дайым Жүрүм-турум Кодексиндеги жүрүм-турум нормаларын сактайм;
- "SOS Балдар айылдары" уюмунда иштеп жатып, менин ишиме тоскоолдук кылган же карама-каршы келген иш-аракеттерге барбайм (мисалы, жетекчимдин же адам ресурстары боюнча кызматкердин уруксатысыз башка уюмда иштөө);

- "SOS Балдар айылдары" уюмундагы кызмат абалыма же ыйгарым укуктарыма байланыштуу кызматтарды, белектерди, гранттарды, төгүмдөрдү, кайрымдуулук каражаттарды жана башка материалдык байлыктарды кабыл албайм;
- "SOS Балдар айылдары" уюмунун ресурстарын көздөлгөн максаттардан башка нерселерге же жеке пайда алуу үчүн коротпойм;
- Мен кызматымды аткарып жатканда же "SOS Балдар айылдары" уюмунун өкүлү болуп турганда кандайдыр бир сексуалдык кызматтар үчүн акчалай же натуралай төлөбөйм.

**8. Мен өзүмдүн бардык иш-аракеттеримде адамдарды зомбулуктан коргоону биринчи орунга коюуга милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- "SOS Балдар айылдары" уюму тарабынан мага тапшырылган материалдык жана кадрдык ресурстарды эң оптималдуу пайдаланууну камсыз кылган жол-жоболорго ылайык ачык-айкын жана сарамжалдуу колдоном;
- Компьютерлерди жана маалыматтык технологияларды колдонууга жоопкерчилик менен мамиле кылам жана маалыматтарды коргоо жана маалыматтык коопсуздук жөнүндө бардык колдонулуучу мыйзамдарды, жол-жоболорду, регламенттерди жана эрежелерди толугу менен сактайм. Ошондой эле, мен компьютер технологияларын туура эмес пайдаланууга жол бербейм, айрыкча, ыплас же адепсиз материалдарды, анын ичинде балдардын зордук-зомбулук же эксплуатациялык мүнөздөгү (мурда "балдар порнографиясы" же жалпы түрдө "порнография"деп аталган) сүрөттөрүн жана балдарды сексуалдык эксплуатациялоого байланыштуу материалдарды жасоо/сактоо/жайылтуу үчүн колдонуудан баш тартам.
- Эгерде мен башка тараптардын, мисалы, "SOS Балдар айылдары" уюмуна ар кандай кызмат көрсөткөн уюмдардын иши үчүн жооптуу болсом, алардын жүрүм-турум эрежелерин сактоосун камсыз кылам.

**9. Мен купуялуулукту камсыз кылууга милдеттенем. Башка адамдардын жеке маалыматтары менен кызматтык муктаждык болгондо гана (купуялуулук жана жеке маалыматты коргоо боюнча жол-жоболорго, регламенттерге жана эрежелерге ылайык) бөлүшүүгө милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Маалыматтарды коргоо боюнча бардык мыйзамдарды, эрежелерди жана ченемдерди сактоого жана аларды туура колдонуу боюнча суроолор/күмөн саноолор пайда болгондо тиешелүү кызматкерлерден кеңеш алууга милдеттенем;
- Башка адамдардын сүрөттөрүн жана маалыматтарды "SOS Балдар айылдары" уюмунун ишмердүүлүгүнө байланыштуу профессионалдык аянтчаларда (жеке социалдык баракчаларда эмес) макулдук документтердеги чектөөлөргө жараша гана жарыялайм.
- Мен тиешелүү макулдук дайыма алдын ала алынаарын жана адамдарды кемсинтпеген гана медиа материалдар менен иштөөгө кепилдик берем;

- Купуя же жарыя болгон, бирөөлөргө зыян келтирүүчү маалыматты тиешелүү уруксатсыз тышкы органдарга же жеке жактарга, анын ичинде массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнө билдирбейм.

**10. Мен биздин ишибизде дайыма жаңы жагдайлар жана кыйынчылыктар пайда болуп тураарын түшүнөм. Мен мындай кыйынчылыктарды ийкемдүү, стратегиялык ой жүгүртүү жана кесиптештер, өнөктөштөр, кызмат көрсөтүүчү тараптар, анын ичинде балдар жана жаштар менен кызматташуу аркылуу жеңүү үчүн талыкпай иштөөгө милдеттенем.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Мүмкүнчүлүккө жараша диалогду жана пикир алмашууну демилгелеп, зарыл болгон учурда башкаларга жардам берем. Мындай иш-аракеттер дисциплиналар аралык жана маданияттар аралык кызматташтыкты камтыйт;
- Менин оюм башкача болсо да, башкалардын пикирлерин, чечимдерин жана көз караштарын баалайм жана урматтайм. Бирок, эгерде бул пикирлер, чечимдер жана көз караштар ушул Жүрүм-турум Кодексине карама-каршы келсе, мен бул тууралуу жетекчиме же адам ресурстары боюнча жоопту кызматкерге билдирем;
- Ар бир адамдын ишин, адистигин урматтайм жана ар дайым балдардын, жаштардын жана үй-бүлөлөрдүн бакубатчылыгы үчүн дисциплиналар аралык кызматташтыкты бекемдөөгө умтулам.

**11. Жетекчи кызматта болсом, мыкты жүрүм-турум өкүм сүргөн чөйрөнү орнотуу үчүн ушул Жүрүм-турум Кодексинде аныкталган мыкты жүрүм-турумдун үлгүсү болуу – менин кошумча милдетим экендигин жакшы түшүнөм.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- “SOS Балдар Айылдары” уюмунун кызматкерлери жана уюмга тиешеси бар адамдар ушул Жүрүм-турум Кодексин билүүсүн жана аны ишке ашырууда аларга колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу;

- Мен жетекчилик кылууда жана чечимдерди кабыл алууда эркектер менен аялдардын жана кандайдыр бир себептерден шайлоо укугунан ажыратылган башка топтордун арасында теңчиликти, инклюзияны жана адилеттүүлүктү илгерилетүүгө күчүмдү жумшайм;

- Мен лидерлик кызматта турган локацияларда “SOS Балдар Айылдары” уюмунун миссиясына, көз карашына жана стратегиясына ылайык иштейм жана Федерациянын баалуулуктарын жана миссиясын өз жамаатыма жана башкаларга жеткирем жана ырааттуу чечимдерди кабыл алам.

- Кесиптештер менен интимдик мамиледе болуу кызыкчылыктардын кагылышуусуна алып келиши мүмкүн экендигин жана мындай мамилелерден оолак болуунун зарылдыгын моюнга алам. Кесиппкөйлүк өкүм сүргөн чөйрөнү камсыз кылуу үчүн мен уюм менен конструктивдүү иш алып барам, бардык катышуучулар үчүн адилеттүү жана басмырлоосуз чечимдерди кабыл алууга умтулам.

**12. Мен өз милдеттеримди кесипкөйлүктүн эң жогорку стандарттарын камсыз кылуу менен, компетенцияларумдүн жана жөндөмдөрүмдүн алкагында аткарам. Мен аткара алган кызмат жөнүндө өзүм жана башкалар менен чынчыл болуп, мүмкүнчүлүктөрүмдү жана чектөөлөрүмдү моюнга алам.**

Бул жаатта мен төмөнкү ж.б. жүрүм-турум нормаларын сактоого милдеттенем:

- Мен билим алуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издейм, талап кылынган учурларда окутууларга катышам. Эгер бир нерсе түшүнүксүз болсо (анын ичинде Жүрүм-турум Кодексин жумушумда кантип колдонууну билбей жатсам), тиешелүү кесиптештеримден түшүндүрүү иштерин сурайм.

- Мен өзүмдүн жеке көз караштарымды жакшылап түшүнүп билүү үчүн тренингдерге катышууга жигердүү аракет кылам жана басмырлоонун алдын алуу боюнча тажрыйбамды өркүндөтөм.

- Мен кандайдыр бир себептерден улам өз милдеттеримди/ролумду тийиштүү түрдө аткара албай жатканымды сезсем, жетекчиме же адам ресурстары боюнча кызматкерге колдоо үчүн кайрылам жана өзүмдүн бакубаттыгымды жана сапаттуу иштөө мүмкүнчүлүгүмдү сактап калуу үчүн жардам сурайм.

- Менин ишимди аткаруу жөндөмүм туура эмес жүрүм-турумдун натыйжасында – мисалы, мас кылуучу заттарды, спирт ичимдиктерин же башка дары-дармектерди колдонуунун айынан жабыр тартпашына кепилдик берем.

Мен ар дайым өз аракеттерим жана аракетсиздигим үчүн жоопкерчилик тартам. Мен Кодекстин экинчи көчүрмөсү алганымды жана аны толуп окуп чыкканымды моюнга аламын.

## Жүрүм-турум Кодексин сактоо

(*Бул сунушталган стандарттык формулировка. Документти жергиликтүү мыйзамдарга жана шарттарга жараша өзгөртүп, ылайыктаса болот*).

Бул документке кол коюу менен мен Жүрүм-турум Кодексинин экинчи көчүрмөсүн алганымды жана Жүрүм-турум Кодексин сактоо боюнча милдеттенмелерди берем.

Мен Жүрүм-турум Кодексинде талап кылынган баалуулуктарды, принциптерди сактайм жана Федерациянын жана анын камкордугундагы балдардын жана жаштардын, чоңдордун жана башка программалар катышуучуларынын, коомчулуктун мүчөлөрүнүн, «SOS Балдар айылдары» уюму менен же алардын атынан иштеген тараптардын кызыкчылыктары үчүн Кодекстин жоболорун сактайм.

Мен Жүрүм-турум Кодексинде каралбаган жагдайлар болушу мүмкүн экенин түшүнөм жана мындай учурда мен Жүрүм-турум Кодексинин алкагында иштейм жана Жүрүм-турум Кодексинин негизин түзгөн «SOS Балдар Айылы» уюмунун баалуулуктарын жана принциптерин колдойм.

“SOS Балдар Айылдары” уюму Жүрүм-турум Кодексин түшүндүрүү боюнча иш-чараларды өткөрсө да, мен бул документти өз алдымча окуп, түшүнүүгө болгон аракетимди жасайм. Жоболордун кандай колдонулушу жөнүндө мага түшүнүксүз бир нерсе болсо, дароо жетекчимден же адам ресурстары боюнча жооптуу кесиптешимден кошумча жетекчилик алууга жеке жоопкерчилигим бар экенин түшүнөм.

Жүрүм-турум Кодексинин нормаларынын ар кандай бузулушу “SOS Балдар Айылдары” уюмунун саясаттарына, жоболоруна, жалпы кабыл алынган тажрыйбаларга жана жергиликтүү мыйзамдарга ылайык каралып чыгаарын түшүнөм. Кодексти бузуунун оордугуна жараша “SOS Балдар Айылдары” уюму кошумча окутуу жана кеңеш берүү менен камсыздап, оозеки жана жазуу жүзүндөгү эскертүүлөр, дисциплинардык чаралар (анын ичинде жумуштан убактылуу четтетүү) көрүшү мүмкүн. Эгер Кодексти бузуу оор деп табылса, кызматкер иштен бошотулат. Эгерде мыйзам бузуу орун алса, уюм укук коргоо органдарына кайрылат.

Мен Жүрүм-турум Кодексин окуп чыкканымды жана анын мазмунун толук түшүнгөнүмдү ырастайм. Мен Жүрүм-турум Кодексинин мен кол койгон көчүрмөсү архивде сакталарын түшүнөм.

Аты-жөнү:

Колу:

Кол коюлган күн: